| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>КАРГАЛЫК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КАРГАЛЫКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XI сессиясынын**
**№ 34 ТОКТОМУ**

18 - июнь 2025-жыл Казарман айылы

**Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондусунун жерлеринин пайдалануунун “Келечек планы” жана жер комиссиясынын иш регламентин бекитүү жөнүндө**

Каргалык айылдык кеңешинин алдындагы «Айыл чарбасы, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, жаштар, спорт жана коомдук уюмдар боюнча» туруктуу комиссиясынын төрагасы Жолокеев Нурадил Турсунбековичтин маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык, Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1. Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондусунун жерлеринин пайдалануунун “Келечек планы” алымча - кошумчасы менен бекитилсин.

2. Каргалык айыл өкмөтүнүн жер комиссиясынын иш регламенти бекитилсин.

3. Бул токтомду аткаруу жагы Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын.

4. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн kargalyk.gov.kg расмий веб-сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомду көзөмөлдөө “Айыл чарбасы, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, жаштар, спорт жана коомдук уюмдар боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына тапшырылсын.

**Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы Т.И.Токтоболотов**

**БЕКИТЕМ**

**Каргалык айылдык кеңешинин**

**төрагасы ____________Т.И.Токтоболотов**

**Каргалык айылдык кеңешинин**

**кезектеги XI сессиясынын**

**№ 36 токтомуна тиркеме**

**18- июнь 2025-жыл**

# Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануунун КЕЛЕЧЕК ПЛАНЫ

**Казарман айылы**

## Киришүү бөлүгү

Каргалык айыл аймагы Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун курамына кирип, алыскы тоолуу айыл аймак болуп эсептелет. 1996-жылы түзүлүп, батыш тарабынан Көк-Ирим айыл аймагы менен, чыгыш тарабынан Тогуз-Торо айыл аймагы менен, түндүк тарабынан Жумгал району менен, түштүк- чыгыш тарабынан Ак-Талаа району менен түштук-батыш тарабы Сузак району менен чектешет. Областын борбору Жалал-Абад шаарынан 150 км аралыкта жайгашкан.

Каргалык айыл аймагынын курамына 6 айыл, Казарман айылы, Чет-Булак айылы, Макмал айылы, Кара-Суу айылы, Табылгыты жана Сары-Булуң айылдары кирет. Айыл өкмөтүнүн административдик борбору Казарман айылы эсептелет.

Калкынын саны 16670 адам, кожолуктун саны – 3800.

Айыл өкмөттүн аймагында 6 жалпы билим берүүчү орто мектеп, 7 бала-бакча,бир борбордук оорукана жана үч ФАП бар. Ошондой эле Казарман айылы райондун борбору болгондуктан райондук мекеме- ишканалардын кызматтык имараттары жайгашкан.

Айыл аймак деңиз деңгээлинен 1200-2500 метр бийиктикте жайгашкандыктан климаты ар түрдүү, жайкысы ысык келип абанын температурасы +30 +35 кышкысы суук -35-40 градуска чейин жетет.

Жердин топурагынын кыртышы боз топурактуу, чополуу кээ бир жерлер кара топурактуу.

Айыл аймактын калкы негизинен дыйканчылык жана мал чарбачылык менен алектенишет.

Дыйканчылыктан көп өстүргөн өсүмдүктөрү:буудай, арпа,көп жылдык чөп, жашылча, мөмө-жемиш өсүмдүктөрү, май өсүмдүктөрү, картошка, жашылча-жемиш.

Мал чарбачылыгында -ийри мүүздү мал, жылкы жана кой-эчки багылат.

### I-бөлүм

### Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жерлеринин жалпы курамы

Учурда Каргалык айыл өкмөтүнүн жалпы аянты-104183 га, анын ичинен айдоо жер 5108 га мунун ичинен сугат-1860 га, кайрак адоо-3244га, чөп чабынды 822 га, жайыт 68241 га Калктуу конуштун жерлери 973 га, токой фондунун жерлери 756 га 10898 га башка жерлер.

1.1. **Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондусунун жерлеринин курамы**

1.2.

Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин (АЧЖМФ) жалпы аянты 775,5 га анын ичинен 288,0 га сугат айдоо 334,0 га кайрак айдоо 50,5 га кызыр аныз,103 га табигый чөп чабынды жерлери түзөт

| № | Контуру | Жалпы аянты | Сугат айдоо | Кайрак айдоо | Табигый чөп | Кысыр аңыз | Участоктун аталышы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 204-205-206-207 | 157,5 | 123,5 | | | | Кара-Талаа |
| 1 | 70-96-97 | 89 | 89 | | | | Шалаты |
| 2 | 1240 | 17,5 | 17,5 | | | | Дүпкүр |
| 3 | 1162 | 25 | 25 | | | | Сары-Булуң |
| | 34 | 29 | 29 | | | | Кара-табылгы |
| 4 | 889 | 4 | 4 | | | | Кара-Колот |
| 5 | 135 | 34,0 | | 34,0 | | | Чайыр -Талаа |
| 6 | 346 | 125 | | 125 | | | Чарча |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 938 | 7 | | 7 | | | Чоң-Дөбө |
| | 390 | 64 | | 64 | | | Бир калпак |
| 9 | 198 | 6 | | 6 | | | Кайырма |
| 10 | 555-578 | 24 | | 24 | | | Ой талаа |
| 11 | 744 | 107,5 | | 74 | | 33,5 | Акчукур |
| 12 | 439-440 | 12,0 | | | | 12,0 | Сарыит |
| 13 | 706 | 34,0 | | | 34,0 | | Орказган |
| 14 | 591-592599-621 | 56,0 | | | 56,0 | | Жабаке |
| 15 | 497-803 | 5,0 | | | | 5,0 | Сараң |
| 16 | 15 | 13,0 | | | 13,0 | | Элчибек, Тепши |
| | **Жалпы** | **775,5** | **288,0** | **334,0** | **103,0** | **50,5** | |
| | | | | | | | |

### 1.2Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануу

Учурда айыл аймактагы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин сугат айдоо аянттары толугу менен дыйкан-фермерлерде ижарада. 2025-жылга карата АЧЖМФЖ нен 84,4 га жерлери аукцион менен ижара акысы 1750 сомдон 60500 сомго чейин ижарага берилди.

АЧЖМФЖ нен 2026-жылга карата 66,6 га , 2028-жылы 58,74 га , 2029-жылга 71,04 га жер тилкелеринин ижара мөөнөттөрү бүтөт.

Ижара келишиминин мөөнөттөрү бүткөн АЧЖМФЖи Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнү 2007-жылдын 22 июнундагы №243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринини мамлекеттик фондунун жерлерилерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу типтүү жобонун негизинде ижарага берилет.

### 1.3. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин пайдаланылбаган, жарым-жартылай пайдаланган жерлер.

Айыл аймак боюнча пайдаланылбаган, жарым-жартылай пайдаланган жерлер-393,5 га.

Алар төмөндөгүлөр: Кайрак айдоо аянттарынан жалпы 303,5 га Чарча 346 контур-125 га, Чоң-Дөбө №938 контур-7 га, Бир калпак №390 контур-64,0 га, Ак-чукур №744 контур-107,5 ; Чөп чабындыдан 90,0 га : Орказган №706 контур-34 га, Жабаке №591-803контурларынан -56,0 га

Бул жерлердин толук пайдаланылбашы же жарым-жартылай пайдаланышынын себеби кайрак айдоо аянттары ортонку жайытта, ал эми чөп чабындылар алыскы жайытта жайгашкандыктан жайттагы малдан коруууга мүмкүн эместигинен жана жайкысын аба-ырайынын ысыктыгынан , жаан-чачындын жаабагандыгына байланыштуу айдалган өсүмдүктөр күйүп кетиши жана айылдан алыс болуп техникалардын кызмат акысы, күйүүчү майга кеткен чыгымдардын жогору болушу дыйкандардын аталган участкалардагы жерлерди ижарага алуудан баш тартышат.

### 1.4.Калктуу конуштарды кеңейтүүгө калтырылган жерлер

Калктуу конушту кеңейтүүгө Сары-Булуң участкасынын №1014 контурунан калтырылган 29,0 га жер тилкеси учурда трансформациялоо иштери жүргүзүлүүдө

## II. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин жер пландоо аймактары

### 2.1. Экономикалык жактан кызыктырган жерлердин зонасы.

**Бул аймактын жалпы аянты -347,5 га**

**1."Кара-Талаа"** участкасы, контур №204-205-206-207. Жалпы аянты 123,5 га сугат айдоо болуп эсептелет.

"Көгарт" дарьясынын сол жээгинде ,Түндук-түштук альтернативдик жолунун жээгинде Казарман айылынан 15-20 км алыстыкта жайгашкан .Райондук суу чарба башкармалыгына караштуу "Кара-Талаа" каналы аркылуу сугат суу менен камсыз болот.

2025-жылы ижара келишим мөөнөттөрү бүткөн жалпы 22,72 га жери 5-жылга 2030-жылга чейин аукцион аркылуу ижарага берилген. Ижара акысы мурда 1000,0 сом болсо аукциондо атуулдар 2500 сомдон-60500 сомга чейин утуп алышкан.

29,74 га жер аянтынын ижара келишим мөнөтү 2028-жылдын апрель айылда, ал эми 71,04 га жердин ижара келишими 2029-жылдын октябрь айында бүтөт.

**2. "Шалаты"** участкасы, контур №70-96-97.Сугат айдоо болуп саналат. Жалпы аянты 89 га."Көгарт" дарьясынын оң жээгинде жайгашкан, сугат айдоо болуп эсептелет.

41,0 га айдоо аянты райондук суу чарба башкармалыгына караштуу "Долоно" каналы аркылуу сугат суу менен камсыз болот, ал эми 48,0 га айдоо аянты "Шалаты" каналы аркылуу суу алат. Учурда сугат каналы толук кандуу иштебейт, башкы сооружениясы жок. Жери таштак, кунарсыз. Айдап малалаганга чейин жана андан кийин да таштарын терүү үчүн көп эмгекти жана акча каражатын талап кылат. Жайында 3-4 жолу сугаруу зарыл, болбосо өсүмдүктөр күйүп кетет.

2025-жылы ижара келишим мөөнөттөрү бүткөн 20,4 га жер тилкеси аукцион аркылуу ижарага берилген, 66,6 га жер тилкесинин ижара келишим мөөнөттөрү 2025-жылдын декабрь айында , 2,0 га жер тилкесиники 2026-жылдын декабрь айында бүтөт.

Ижара акы мурда 500 сом болсо аукциондо 3100,0 сомдон-27000,0 сомго чейин жеткен.

**3."Кара Табылгы "** участкасы.Контур № 34. Нарын дарыясынын сол жээгинде , Казарман айылынын батыш тарабында жайгашкан. Сугат айдоо болуп саналат. жалпы аянты 29 га.Учурда 2028-жылы декабрь айына чейин дыйкан-фермерлерде ижарада.

**4. "Сары-Булуң"** участкасы, контур №1162 жалпы аянты 25,0 га сугат айдоо болуп саналат. Айдоо аянттары үлүш жерлер менен чектеш болуп бир жерде жайгашпастан жарандар үлуштөрүнө кошуп 20-50 сотыйдан пайдаланып келишкен. Бул жер аянтын "Кыргызмамжердолборлоо" мамлекеттик жерге жайгаштыруу мекемеси тарабына инвентаризацилоону талап кылат.

2025-жылы ижара мөөнөтү бүткөн 20,61 га жер тилкеси аукционго коюлуп, 9,78 га жер тилкеси 5 жылга ижарага берилди, калган 5,48 га жер тилкеси эч ким катышпагандыктан аукциондун экинчи туруна коюлду.

**5."Кара-Колот"** участкасы, контур №889 жалпы аянты 4,0 га Кара-Суу айылы менен Табылгыты айылынын ортосунда жайгашкан. Учурда мектеп-бала-бакчаларда ижарада.

**6."Чайыр- Талаа"** участкасы, контур №135, кайрак айдоо жалпы аянты 34,0 га.Кара-Талаа участкасынын түштүк жаында ортоңку жайытта жайгашкан. Дан өсүмдүктөрүн, көп жылдык чөп айдоого ыңгайлуу.

2025-жылы ижара келишим мөөнөту бүткөн 32,0 га жер аянты аукционго коюлуп, 19,0 га жер аянтына ижара келишими түзүлүп, 13,0 га жер тилкесине эс ким катышпагандыктан кайрадан экинчи турга коюлду.

Ижара акысы мурда 1000,0 сом болсо аукциондо ижара акы 3300,0 сом болду.

**7.” Ой-Талаа”** участкасы контур №555-578, жалпы аянты 24,0 га кайрак айдоо болуп эсептелет. Чет-Булак айылынын түштүк тарабында ортоңку жайытта жайгашкан. 2025-жылдын декабрь айына чейин ижарада.

**8.”Кайрыма”** участкасы, контур №198жалпы аянты 6,0 га. Кайрак айдоо, Чет-Булак айылынын түндүк тарабында, ички жайытта жайгашкан , 2031-жылга чейин ижарага берилген.

**9 “Элчибек,тепши”** участкасы, контур №15 жалпы аянты 13,0 табигый чөп чабынды болуп саналат. “Чайыр талаа” участкасынын түштүк-чыгыш тарабында Казарман айылынан 25-30 км алыстыкта жайгашкан

**2.2 Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин Конкурс аркылуу берилүүчү инвестицияларды талап кылуучу жерлердин зонасы.**

**Бул аймактын жалпы аянты -338,0 га**

**1. “Дүпкүр”** участкасы, контур №1240, “Көгарт” дарьясынын оң жээгинде жайгашкан, жери таштак, кунарсыз. Жалпы аянты 17,5 га , сугат айдоо болуп эсептелет.
2025-жылы келишим мөөнөтү бүткөн 1,0 га айдоо аянты аукцион аркылуу 16500,0 сомго берилген, калган 16,5 га жер тилкесинин жер кыртышы бузулуп (күрүч аңыз) таштак болгондуктан учурда бош турат.

**2.”Чоң-Дөбө”** участкасы, Контур №843,938 жалпы аянты 7,0 га кайрак айдоо болуп саналат. Чет-Булак айылынын чыгыш тарабынан кокту колотто жайгашкан.
“Чон-Дөбө” участкасында жайкысын аба-ырайынын ысыктыгынан айдалган өсүмдүктөр саргайып күйүп кетет жана ортонку жайыттар менен чектешкендиктен жаз-күз айларында малдар жайылып, корууга мүмкүнчүлүк болбойт.
Бүгүнкү күндө пайдаланылбай турат.

**3. ”Чарча”** участкасы (Контур №346) Казарман айылынын түштүк тарабында ортоңку жайытта жайгашкан. Кайрак айдоо аянт болуп эсептелет. Жалпы аянты 125 га.Учурда пайдаланылбай турат.

**4.”Бир -Калпак”** участкасы (Контур № 390) Каргалык өрөөнүнүн туштугундө жайгашкан. Кайрак айдоо болуп эсептелет. жалпы аянты 64 га.
Жайыт менен чектеш болгондуктан дайында мал жайылып, корууга мүмкун болбогондуктан айдоо катары пайдаланылбайт
Учурда 36,0 га жер тилкеси 2031-жылдын декабрь айына чейин ижарага берилген.

**5. “Ак-чукур”** участкасы, контур №734,738,744. Жалпы аянты – 107,5 га анын ичинен74,0 га кайрак айдоо, 33,5га кызыр аныз болуп саналат. Казарман айылынан 20,0 км түштүк батышында, ортоңку жайытта жайгашкан.
Ижара келишимдери 2024-жылды декабрь айында бүткөн.

**6.”Сары иттин талаасы”** участкасы контур №388,439,440 Чет-Булак айылынын батыш тарабында жайгашкан.Жалпы аянты - 12 га кызыр аңыз.
Айылга жакын жайгашкандыктан жаз-күз айларында кыштоого келген мал жайылып, эгин айдөөго мүмкүнчүлүк бербейт. Аба-ырайы жаанчыл болгондо элдер 1 жылга ижарага чөп чабынды катары ижарага алып, чөп чаап алышат. Учурда ижарада.

**7.”Саранң”** участкасы, контур №803. Жалпы аянты 5,0 га. Кызыр аңыз. Табылгыты айылынын түндүгүндө ички жайытта, Сараң-Сай суусунун жээгинде жайгашкан учурда пайдаланылбайт.

**3. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин түз берүү жолу менен берилүүчү талап болбогон жерлердин зонасы.**

Бул аймактын жалпы аянты -90,0 га

**1.”Ор казган”** участкасы, Контур № 706. Макмал өрөөнүндө жайгашкан. Чөп чабынды болуп эсептелет. Жалпы аянты 34 га.
Жайыт менен чектеш болгондуктан дайында мал жайылып, коруугa мүмкун болбогондуктан чөп чабынды катары пайдаланылбайт. Ижарада жок.

**2. “Жабаке”** участкасы контур №706 жалпы аянты -56 га Макмал өрөөнүндө жайгашкан. Чөп чабынды аянтты болуп эсептелет.
Жайыт менен чектеш болгондуктан дайында мал жайылып, коруугa мүмкун болбогондуктан чөп чабынды катары пайдаланылбайт. Ижарада жок

**III.Айыл чарба жерлерин пайдаланууга болгон талап**

Каргалык айыл аймагы боюнча сугат айдоо аянттарына калктын суроо талабы жогору.Ошону менен бирге айыл аймактагы аз камсыз болгон үй бүлөөлөр, жакыр адамдар жана социалдык обьекттер (мектеп, бала-бакчалар ) жерге болгон суроо талалаптары аткарылбай келүүдө.

2025-жылга карата айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондусунун жерлеринен жогорудагы аталган калктын катмарына 13,0 га жер тилкеси түз берүү жолу менен 5 жылга ижарага берилди.

Кийинки жылдары ижара мөөнөттөрү бүткөн АЧЖМФЖнен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнү 2007-жылдын 22 июнундагы №243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерилерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу типтүү жобонун негизинде түз берүү жолу менен берилет.

Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысы Б.М.Абдрахманов

БЕКИТЕМ

Каргалык айылдык кеңешинин

торагасы ____________Т.И.Токтоболотов

Каргалык айылдык кеңешинин

Кезектеги XI сессиясынын

№ 36 токтомуна тиркеме

18- июнь 2025-жыл

# Каргалык айыл өкмөтүнүн жер комиссиясынын
# Иш регламенти
## 1-глава Жалпы жоболор

1.1Каргалык айыл аймагынын Каргалык айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча жер комиссиясынын Иш регламенти (мындан ары –Регламент) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен ага жүктөлгөн милдеттерди жана иш-аракеттерди ишке ашыруу боюнча Каргалык айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча жер комиссиясынын (мындан ары –Жер комиссиясы) иштерин уюштуруу тартибин аныктайт.

1.2. Регламент Кыргыз Республикасынын конституциясы, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө ", "Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө" мыйзамына, Кыргыз Республикасынын жер кодексине, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобого жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык даярдалган.

1.3. Ушул Регламент жер комиссиясынын иштерин пландоого жана уюштурууга карата бирдиктүү талаптарды жөндөөчү негизги принциптерди жана эрежелерди, Жер комиссиясынын документтер менен иштөө тартибин,жарандардын кайрылууларын жана комиссиянын ишине тийиштүү жана башка маселелерди жөндөйт.

## 2-глава. Жер комиссиясынын ишинин жалпы принциптери.

Жер комиссиясынын иши төмөнкү принциптерге негизделет.

1) Мыйзамдуулук жана социалдык адилеттүүлүк;
2) Ачык –айкындык.

## 3-глава. Жер комиссиянын саны.

3.1.Жер комиссинын түзүмү жана саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнун 22-июнь 2007-жылдагы №243токтому менен бекитилген айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобого ылайык жер комиссиянын курамы 7 кишиден кем эмес болушу керек. Анын курамына Жергиликтүү Кеңештин депутаты 3 кишиден кем эмес, райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын өкүлү, айыл өкмөттүн башчысы жана коомчулуктан жана коомдук уюмдардан кирет. Жер комиссинын курамына кирген

депутаттардан комиссиянын төрагасы шайланат. Айыл өкмөттүн жооптуу катчысы Жер комиссиясынын катчысы болуп дайындалат.

## 4-Глава. Комиссиянын ишин пландоо.

4.1.Комиссиянын ишин пландоо комиссияга жүктөлгөн милдеттерди аткаруу боюнча уюштуруучулук камсыз кылуунун негизги каражаттарынын бири болуп саналат.
4.2. Комиссия өзүнүн ишин атуулдардан түшкөн арыздарга, айыл өкмөттүн кайрылууларына ылайык айына бир жолу отурум кылат. Өзгөчө учурда кезексиз отурум кылат.

## 5-глава. Жер комиссиясынын функциялары.

Жер комиссиясы:
-Лотторду түзөт.
-Жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча ижара акысынын баштапкы же болбосо туруктуу өлчөмүн белгилейт;
-Конкурстун шарттарын аныктайт.
-кепилдик төлөмдун өлчөмүн белгилейт;
- лоттордун чек араларын аныктайт;
-Жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча ар бир лот баштапкы ижара акысынын өлчөмүн белгилейт;
- Жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча ар бир лот боюнча ижара мөөнөтүн аныктайт;
-ар бир лот боюнча аукциондун "арымынын" өлчөмүн белгилейт;
- Жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча ижара акысын төлөөнүн түрүн жана мөөнөтүн аныктайт;
-тооруктардын жыйынтыгынын протоколуна кол коет.
-Типтүү жободо (22.07.2007-жылдагы №243 Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо) белгиленген башка функцияларды жүзөгө ашырат.

## 6-глава. Иш кагаздарын жүргүзүүнүн тартиби.

6.1. Комиссиянын иш кагаздарын КР Өкмөтүнүн 3-март 2020-жылдагы №120 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын жана ушул Регламенттин негизинде уюштурат жана жүргүзөт.
6.2.Комиссиянын иш кагаздарын жүргүзүү жооптуу катчы тарабынан жүзөгө ашырылат.
6.3 Комиссиянын отурумдарынын протоколдору жазып алуулардын, чыгып сүйлөгөндөрдүн, отурум убагында чыгарылган кортундулардын жана чечимдердин долбоорлорунун негизинде түзүлөт.

Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысынын Б.М.Абдрахманов